ПО 1.22

198

«БЕКИТЕМИН»
С. Нааматов атындагы НМУнун
ректору __________ Э. М. Байбагышов
__ апрель __________ 2022-жыл.

**С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин Жаш окумуштуулар кеңеши жөнүндө**

**ЖОБО**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин (мындан ары – Университет) Жаш окумуштуулар кеңеши (мындан ары – ЖОК) коомдук башталыштагы түзүм болуп саналат да, Университеттин бардык түзүмдүк бөлүмдөрүнүн 45 жашка чейинки курактагы окутуучуларынан, кызматчыларынан, аспиранттарынан жана магистранттарынан түзүлөт.

1.2. Өзүнүн ишмердүүлүгүндө ЖОК Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана башка ченемдик-укуктук актыларын, Университеттин Уставын, ушул Жобону жана башка локалдык ченемдик-укуктук актыларды жетекчиликке алат.

1.3. ЖОК жөнүндө жобо Университеттин Окумуштуулар кеңешинин чечими менен бекитилет.

1.4. ЖОКнин курамы түзүмдүк бөлүмдөрдүн башчыларынын сунуштарынын негизинде илим жана өнүктүрүү боюнча проректордун көрсөтүүсү боюнча Окумуштуулар кеңешинде ачык добуш берүү аркылуу Университеттин ректорунун буйругу менен 2 (эки) окуу жылына 30-сентябрдан кечиктирбей, бекитилет.

1.5. ЖОКнин кайсы бир мүчөсү анын курамынан чыккан учурда, анын ордуна жаңы талапкерди бекитүү кеңештин жакынкы учурдагы отурумунда жүргүзүлөт.

1.6. Өзүнүн компетенциясына кирүүчү маселелер боюнча ЖОКнин чечимдери сунуштоочу мүнөздө болот.

1.7. ЖОКнин ишмердүүлүгү Университеттин атайын каражаттарынын эсебинен, ишканалардын, уюмдардын, башка юридикалык жана физикалык жактардын демөөрчүлүк каражаттарынын эсебинен каржыланат.

## 2. ЖОКнин максаты жана милдеттери

2.1. ЖОК Университеттин жаш окумуштуулары менен окутуучуларынын чыгармачыл дараметин ишке ашырууга көмөктөшүү максатында түзүлөт.

2.2. ЖОК жаш окумуштуулар менен окутуучулардын илимий изилдөөлөрдүн артыкчылыктуу багыттарын жана темаларын иштеп чыгуу

боюнча күч-аракеттерин бириктирет, алардын натыйжаларын кеңири илимий коомчулукка жеткирүүгө түрткү болот.

2.3. ЖОК жаш окумуштуулар менен окутуучулардын илимий-усулдук жана педагогикалык оң тажрыйбасын жалпылаштырат, аны окуу процессине жана өндүрүшкө киргизүү боюнча демилгелер менен чыгат.

2.4. ЖОК жаш окумуштуулар менен окутуучулардын илимий макалаларын, баяндамаларын, билдирүүлөрүн жарыялоого теориялык-методологиялык, усулдук-практикалык колдоо көрсөтөт.

2.5. ЖОК дисциплина аралык изилдөөлөрдү активдештирүүгө көмөктөшөт, ушул максатта ал республиканын ЖОЖдорунун жана илимий мекемелеринин жаш окумуштуулары менен алакаларды жана өз ара аракеттешүүлөрдү жүзөгө ашырат.

### 3. ЖОКнин түзүмү жана иштөө тартиби

3.1. ЖОКнин курамына Университеттин ар бир түзүмдүк бөлүмүнөн 1 (бир) өкүл кире алат. ЖОКнин курамынын уюштуруу отурумунда алардын арасынан анын катчылыгы (төрагасы жана катчысы) шайланат.

3.2. ЖОКнин мүчөлөрү символдуу түрдө жылына 200 (эки жүз) сом өлчөмүндө мүчөлүк акы төлөшөт, бул мүчөлүк акы кеңештин отурумдарын уюштурууга ж.б. иш-чараларга сарпталат.

3.3. ЖОКнин курамына өзгөртүүлөр окуу жылынын башында киргизилет.

3.4. ЖОКнин отурумдары кварталына бир жолудан кем эмес өткөрүлөт.

3.5. Эгерде отурумга ЖОКнин мүчөлөрүнүн тизмедеги курамынын жарымынан көбү катышса, ЖОК өзүнүн ыйгарым укуктарынын алкактарында чечимдерди кабыл алат.

3.6. Чечимдер ачык добуш берүү аркылуу добуштардын жөнөкөй көпчүлүгү менен кабыл алынат.

3.7. ЖОКнин отурумдарынын ортосундагы ыкчам маселелер анын катчылыгы тарабынан чечилет.

3.8. ЖОКнин жыл соңундагы отурумунда төрагасы анын жыл ичиндеги ишмердүүлүгү боюнча отчет берет.

### 4. ЖОКнин ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары

4.1. ЖОК жаш окумуштуулар менен окутуучулардын чыгармачыл дараметин ишке ашырууга көмөктөшүү үчүн илимдин жана билим берүүнүн кыйла актуалдуу проблемалары боюнча конференцияларды, симпозиумдарды, тегерек-үстөлдөрдү ж.б. уюштуруунун жана өткөрүүнүн үстүнөн иштейт.

4.2. ЖОК Университеттин жаш окумуштуулары менен окутуучуларына КР ББжИМ ж.б. уюмдар тарабынан өткөрүлүүчү илимий иштердин конкурсуна

катышууга көмөк көрсөтөт.

4.3. ЖОК Университеттин жаш окумуштуулары менен окутуучуларына илимий жана коомдук фонддор менен уюмдар тарабынан уюштурулуучу илимий конкурстарга жана долбоорлорго катышуу үчүн өтүнмөлөрдү даярдоого маалыматтык жана уюштуруучулук колдоо көрсөтөт:

- ректордон, факультеттердин декандарынан жаш окумуштуулар менен окутуучуларды илимий конференцияларга, конок-лекцияларды окууга жана илимий такшалтмалардан өтүүгө иш сапарларга жөнөтүүнү өтүнөт;

- жаш окумуштуулар менен окутуучулардын ишинин жаңы формаларын издөөнү жүргүзөт;

- аларды практикада колдонууга киргизүүнүн демилгечиси катары чыгат;

- Университеттин, башка ЖОЖдордун, КРнын жана чет өлкөлөрдүн илимий мекемелери менен уюмдарынын жаш окумуштуулары менен окутуучуларынын келечектүү тажрыйбасын жалпылаштырат жана жайылтат;

- Университеттин интернет-сайтын иштеп чыгууга активдүү катышат: анда өзүнүн ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматты жайгаштырат, жаш окумуштуулардын жеке баракчаларын жана электрондук публикацияларын даярдоого жана жайгаштырууга түрткү болот.

4.4. ЖОК Редакциялык бөлүм менен чогуу Университеттин жаш окумуштуулары жана окутуучулары алышкан актуалдуу илимий натыйжаларды «С. Нааматов атындагы НМУнун Жарчысында» ж.б. илимий журналдарда илимий макалалар, баяндамалар, билдирүүлөр түрүндө жарыялоого көмөктөшөт.

4.5. ЖОК Университеттин Окумуштуулар кеңешинин, Илимий-техникалык кеңешинин, Окуу-усулдук кеңешинин отурумдарына билим берүү процессин жана илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн өркүндөтүүгө тиешелүү сунуштарды жана демилгелерди кароого киргизет.

4.6. ЖОК жаш окумуштуулар менен окутуучуларды актуалдуу илимий изилдөөчүлүк жана инновациялык иштери үчүн сыйлоого көрсөтөт.

4.7. ЖОК Университеттин жаш окумуштуулары менен окутуучуларынын инновациялык ишмердүүлүгүн колдоого алат жана ага түрткү берет, жаш окумуштуулардын жана окутуучулардын инвестициялык программалары менен долбоорлоруна байланыштуу иш-чараларды уюштурат жана өткөрөт.

4.8. ЖОК жаш окумуштуулар менен окутуучулардын илимий-педагогикалык чеберчилигин жогорулатууга багышталган ачык лекцияларды өткөрөт. Лекциялардын тематикасы алдын ала иштелип чыгат. Ачык лекцияларды окуу үчүн Университеттин алдыңкы окумуштуулары, ошондой эле КРнын алдыңкы окумуштуулары чакырылат.

## 5. Корутунду жоболор

5.1. Ушул Жобо Университеттин Окумуштуулар кеңеши бекиткен жана ректор буйрук чыгарган учурдан баштап күчүнө кирет.

5.2. Жобого өзгөртүүлөр менен толуктоолор Университеттин Окумуштуулар кеңешинин чечими менен киргизилет.

**Макулдашылды:**

**Илим жана өнүктүрүү боюнча проректор** **А. С. Жантаев**

**Юрист** **Н. Т. Андабеков**